И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Д 13.20.618 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК

ДЖАПАРОВА ЗАМИРА БЕРДИБЕКОВНА

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН ПЕДАГОГДОРУНУН ИНКЛЮЗИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАР

13.00.01 – жалпы педагогика, билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы

Педагогика илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
автореферати

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды

Илимий жетекчи: **Эсенгулова Миркуль Молутбековна –**
педагогика илимдеринин кандидаты,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик
университетинин педагогикасы кафедрасынын доценти

Расмий опоненттер: **Асипова Нурбүбү Асаналиевна –**
педагогика илимдеринин доктору, профессор,
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук
университетинин жогорку мектептин педагогикасы
кафедрасынын башчысы
Касымова Гүлжамал Абдиловна –
педагогика илимдеринин кандидаты, С. Нааматов
атындагы Нарын мамлекеттик университетинин
педагогика жана технология кафедрасынын
доцентинин м.а.

Жетектөөчү мекеме: Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы
(Дареги: 715600, Жалал-Абад шаары, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Эркиндик көчөсү, 57.)

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын 24-сентябрында саат 13.00 до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.618 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51).

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги: Бишкек ш., Раззаков көч. 51) жана Кыргыз Билим берүү академиясынын (дареги: Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, 25). Илимий китепканаларынан жана диссертациялык кеңештин сайтынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2021-жылы 24-августта таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору, профессор: **Дюшеева Н.К.**

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Дүйнө жүзүндөгү коомду гумандаштыруу багыттары билим берүү системасында дагы бир топ олуттуу өзгөрүүлөргө алып келүүдө. Инклюзия социалдык кубулуш катары бардык балдардын билим алууга укугун ишке ашыруунун маанилүү өбөлгөсү катары каралып жатат. Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүү тутумун өнүктүрүү – стратегиялык милдеттердин бири.

Көрсөтүлгөн факт эл аралык жана мамлекеттик ченемдик документтер, анын ичинде Баланын укуктары жөнүндө Конвенция (1989), Саламанка Декларациясы (1994), Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» (2003), Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» (2009), Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодекси (2012), Кыргыз Республикасынын «Ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан 2006-жылдын 13-декабрында кабыл алынган жана 2011-жылдын 21-сентябрында кол коюлган «Майыптардын укуктары» жөнүндө «БУУнун Конвенциясын ратификациялоо жөнүндө» мыйзамдарында ж.б. ачыкталган. Кыргыз Республикасы ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү окуучулардын билим алууга жана алардын коомдогу абалын жакшыртууга укуктарын ишке ашыруу боюнча эл аралык милдеттенмелерди өзүнө алуу менен окуучулардын бул категориясын системалык деңгээлде билим алууга карата жетүүсүн камсыз кылуу милдетин алдына койгон.

Белгиленген мыйзамдар жана 2019-2023 жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы педагогдордун ишмердүүлүгүнө коюлган талаптардын жогорулашына, алардын функционалдык милдеттеринин кеңейишине жана кесиптик компетенттүүлүктөрдүн өзгөрүүсүнө алып келүүдө.

Педагогдордун билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды окутуу шартындагы инклюзивдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу олуттуу маниге ээ.

Кыргыз Республикасында Ч.А. Джумагулова «Инклюзивдик билим берүүнүн принциптери жана практикасы» аттуу эмгегинде: «билим алуудагы атайын муктаждыктары бар балдар коомдон ата-энелердин туура эмес пикирлеринен жана коомчулуктун бул балдарга карата мамилесине байланыштуу коомдон обочолонгон, алар атайын уюмдарда жайгаштырылган жана ушундай шартка байланыштуу коом аталган балдар, алардын муктаждыктары жөнүндө билген эмес» –, деп белгилейт [Джумагулова Ч.А. Принципы и практика инклюзивного образования. Первые шаги в городе Нарын. – Бишкек: Кыргызстан, 2001].

Ошондой эле, Д.С. Барсанаева «Инклюзивдик билим берүү аркылуу балдарды мектепте социализациялоонун педагогикалык шарттары» аттуу эмгегинде инклюзивдик билим берүү шартында балдарды социалдаштыруунун теориялык-методологиялык маңызын ачып,

инклюзиянын социалдык концепциясы аркылуу баланын инсандык өнүгүүсү тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүүсүн жазган (2019).

Бирок, бул эмгектерде «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнө көңүл бурулган эмес. Алсак, Ч. А. Джумагулова инклюзивдик билим берүү процессинде педагогдордун аң-сезиминдеги өзгөрүүлөрдүн маанисине токтолсо, Д.С. Барсанаева жакшы уюштурулган инклюзивдик билим берүү чөйрөсүнүн балдардын коомдошуусуна тийгизген таасирин белгилеген, ал эми Л.М. Кобрина болочок педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптануу этаптарын карап, адистердин жалпы билим берүүчү мектептеги өнүктүрүүчү ишке даярдоо өзгөчөлүктөрүн аныктаган.

Н.А. Багдасарова «инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүүсүн коомдо майыптуулук кандайча түшүнгөнүнө тыгыз байланыштуу болот деп белгилеп, майыптуулукка мамиленин жана түшүнүүнүн 4 моделин бөлүп карайт: диний, медициналык, социалдык жана маданияттык» [Багдасарова, Н.А. Кыргызстандын мектепке чейинки уюмдарында инклюзивдик өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү [Текст]: окуу модулу / Н.А. Багдасарова. – Бишкек, 2020].

К.М. Тилекеев, Т.В. Панкова, М.М. Эсенгулова, Т.А. Орусбаева, ж.б. «Инклюзивдик билим берүү жогорку окуу жайында» аттуу интеграцияланган окуу-методикалык колдонмодо инклюзивдик билим берүүнү балдардын жалпы билим берүүчү уюмдарга камтылышына зарыл фактор катары педагогдун фасилитативдүү жөндөмдүүлүктөрүн белгилешет. Көптөгөн россиялык изилдөөчүлөр (С.Е. Гайдукевич, С.В. Алехина, В.В. Хитрюк, Е.Л. Агафонова, С.А. Черкасова, М.Н. Алексеева, С.И. Сабельникова, Э.А. Гафари ж.б.) инклюзивдик компетенттүүлүк түшүнүгүн колдонбостон, көбүнчө инклюзивдик даярдык түшүнүгүн ачыктоого көп маани беришкен.

С.Е. Гайдукевичтин оюу боюнча, «инклюзивдик даярдык – бул баалуулук топтомдорун калыптандыруу, билим берүү процессинин катышуучуларынын инсан аралык баарлашуу, биргелешкен ишмердүүлүккө ниеттерин багыттоо» [Гайдукевич, С.Е. О подготовке педагогических кадров к работе в условиях инклюзивного образования // Народная Асвета. – 2015. – №10. – С. 23-27].

Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселесин россиялык (И.Н. Хазифулина, Д.Н Корнеев, Н.Ю Корнеева., А.А. Саламатов, О.Р.Ворошина) жана белоруссиялык (И.А. Турченко, В.В. Хитрюк) окумуштуулар изилдешкен.

И.Н. Хазифулина өзүнүн диссертациялык изилдөөсүндө инклюзивдик билим берүүнүн болочок педагогдорун даярдоо алардын «инклюзивдик компетенттүүлүгүн» калыптандырууну болжолдойт, бул кесиптик компетенттүүлүктүн компоненти болуп эсептелет жана негизги мазмундук жана функционалдык компетенттүүлүктөрдү камтыйт деп белгилейт [Хазифулина, И.Н. Формирование инклюзивной компетентности будущих

учителей в процессе профессиональной подготовки: дис. ... канд. пед. наук. – Астрахань, 2008].

Ал эми И.А. Турченко «Чоң адамдар үчүн кошумча билим берүү уюмунда мугалимдин инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу методикасы» аттуу эмгегинде педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандырууну кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдерин жана баалуулук багыттарынын алуу жана өнүктүрүү процесси, инклюзия шартында педагогикалык ишмердүүлүктү натыйжалуу ишке ашырууга мотивациялык, теориялык жана практикалык даярдыгын камсыз кылган билимдердин, билгичтиктердин, тажрыйбанын тутуму катары караганын жазат (2016).

Окумуштуулардын инклюзивдик билим берүү, инклюзивдик даярдык, инклюзивдик билим берүү шартында балдарды социалдаштыруу, мектепке чейинки билим берүү педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн ачыктоого арналган көптөгөн эмгектеринин болгонуна карабастан, жалпы билим берүүчү уюмдардын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары менен байланышкан маселелерди изилдөө ишке ашырыла элек.

Маселенин белгиленген актуалдуулугу, педагогикалык, философиялык, психологиялык адабияттардын талдоосу, диссертациялык, монографиялык материалдарды изилдөө, заманбап мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнө улам өзгөрүп жаткан талаптарын талдоо, бир катар *карама-каршылыктарды* ачууга мүмкүнчүлүк берди. Алар:

– жалпы билим берүүчү уюмдарга инклюзивдик билим берүүнү киргизүү зарылчылыгы менен инклюзивдик компетенттүүлүккө ээ педагогдордун жетишсиздиги ортосундагы;

– инклюзивдик билимге муктаждык менен илимий, методикалык, педагогикалык окуу китептеринин мамлекеттик тилде жетишсиздиги ортосундагы;

– окутууда практикага багытталган методиканы колдонуу менен анын жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы ортосундагы.

Белгиленген карама-каршылыктар изилдөөнүн проблемасын аныктап, төмөнкү изилдөө темасын тандоого шарт түздү: «**Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар».**

Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык иштин темасы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (2015-2020-жж.) педагогика кафедрасынын илимий-изилдөөлөрүнүн тематикалык пландары, илимий-изилдөөлөрүнө байланыштуу.

Изилдөөнүн максаты: жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы

педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу, эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды берүү.

Изилдөөнүн милдеттери:

1. Инклюзивдик билим берүүнүн философиясын, принциптерин жана өнүгүү этаптарын аныктоо, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызын ачыктоо.

2. Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык моделин, шарттарын жана чен-өлчөмдөрүн аныктоо жана илимий изилдөө методдорун тактоо.

3. Сунушталган моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча педагогикалык экспериментте текшерүү жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат: педагогикалык-психологиялык, илимий-методикалык адабияттарды теориялык талдоонун негизинде инклюзивдик билим берүүнүн философиясы, принциптери жана өнүгүү этаптары, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызы ачыкталды; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык модели, шарттары жана чен-өлчөмдөрүн аныкталды; педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча экспериментте текшерилип жана тийиштүү практикалык сунуштар берилди.

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү изилдөөнүн материалдары ЖОЖдордо жалпы билим берүүчү уюмдарга педагогдорду даярдоодо, социалдык педагогдор, мугалимдер, мектептин администрация мүчөлөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алса болот. Педагогикалык эксперимент аркылуу апробациядан өткөрүлгөн «Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун» моделин педагогикалык кызматкерлердин чеберчилигин жогорулатууда пайдаланса болот.

Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:

1. Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүү этаптарын салыштырып талдоо менен педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн маңызы, түзүлүшү жана жумушчу аныктамасы: «Инклюзивдик компетенттүүлүк – билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөгө даярдыкты камсыз кылуучу билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, кесипкөй-инсандык сапаттар, практикалык ишмердүүлүктүн тажрыйбаларын жемиштүү өздөштүрүү жана кесипкөй маселелерди чече алуу жөндөмдүүлүгү».

2. Максаттык, мазмундук-процесстик, баалоо-натыйжалык өз ара байланышкан компоненттерден турган, педагогикалык принциптерге жана үзгүлтүксүз насаатчылык процесси, биргелешкен ишмердүүлүк аркылуу консилиум түзүү, педагогикалык портфолио түзүү педагогикалык

шарттарына таянган, жогорку, орто, төмөнкү деңгээлин аныктаган жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык модели.

3. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында иштелип чыккан педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун тастыктаган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарынын позитивдүү тенденциясы.

Изденүүчүнүн жеке салымы. Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдөгү инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүү этаптарынын талдоосу; инклюзивдик компетенттүүлүктүн мазмунун, түзүлүшүн аныктоосу; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык моделин иштеп чыгуусу; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын ишке ашыруу методикасын иштеп чыгуусу, эксперимент аркылуу текшерүүсү.

Диссертациянын натыйжаларынын апробацияланышы: Изилдөөнүн жыйынтыктары республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда тааныштырылып, талкууланган.

Республикалык конференциялар: «И. Арабаев атындагы КМУнун жыйынтыктоочу илимий-практикалык конференциясы» (2012); И. Арабаевтин 130 жылдыгына арналган «Кыргызстандагы билим берүүнүн жаңылануу мезгилинде мектепке чейинки, башталгыч жана атайын билим берүүдөгү актуалдуу проблемалар» эл аралык илимий-практикалык конференция (2014); И. Арабаев атындагы КМУнун 70 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференция «Билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасына өтүү шарттарындагы педагогикалык практика: көйгөйлөрү жана келечеги» (2015); «Педагогикалык билим берүүнүн өнүгүү перспективалары жана көйгөйлөрү» эл аралык илимий-практикалык конференция (2016); «Ааламдашуу доорундагы адабият менен педагогиканын орду» эл аралык илимий-практикалык конференция (2017); «Заманбап педагогикалык билим берүүнүн жана илимдин теориялык жана методикалык көйгөйлөрү» эл аралык илимий-практикалык конференция (2018); «Өзгөчө кырдаалдар: локализация жана атайын иш-чаралар» Кыргыз Республикасынын Э.Алиев атындагы ИИМ Академиясынын Ведомство аралык илимий-практикалык конференциясы (2019); «Санариптик трансформациянын шартында билим берүүнү модернизациялоо» эл аралык илимий-практикалык конференциясы (2020).

Эл аралык: «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана майыптуулугу бар адамдардын жумушка орношуусуна көмөктөшүүчү инклюзивдик тажрыйба» (3.12.2020-жыл, Россия Федерациясы); «Атайын жана инклюзивдик билим берүү: проблемалар жана перспективалар» Эл аралык илимий-практикалык конференция (18.02.2021-жыл, Армения); «XXI кылымдагы Атайын билим берүү» аттуу эл аралык илимий форуму (21.04.2021, Россия Федерациясы).

Диссертациянын натыйжасынын толук чагылдырылышы. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары 14 илимий макалада (анын ичинен чет өлкөдө – 2 макала РИНЦ системасында) жана 2 окуу-методикалык колдонмодо чагылдырылган.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундулардан, 191 адабият булактары камтылган пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, 4 тиркемеден, 8 диаграммадан, 15 таблицадан, 12 сүрөттөн турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 199 бет.

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу негизделген, иштин максат жана милдеттери аныкталган, илимий жаңылыгы ачылган, коргоого коюлган негизги жоболор бөлүп көрсөтүлгөн, практикалык жыйынтыктардын апробациясы жана изилдөөнүн илимий баалуулугу чагылдырылган.

«Инклюзивдик билим берүү процессинин теориялык негиздери» аттуу биринчи бапта изилдөөнүн биринчи милдети ишке ашырылып, инклюзивдик билим берүүнүн принциптерин, аспекттерин, философиясын, инклюзивдик билим берүүнүн Кыргыз Республикасында жана башка мамлекеттерде өнүгүү тенденцияларын, инклюзивдик компетенттүүлүк түшүнүгүнүн маңызын, маанисин изилдөөгө арналган илимий эмгектер иликтенип, талданды.

Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартында: «Инклюзивдик билим берүү-балдарды сегрегациялоонун ар кандай формаларын четке каккан ийгиликтүү окуу жана социалдашуу үчүн шарттарды түзүү аркылуу бардык окуучулардын керектөөлөрүнүн жана муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүнө улуттук билим берүү тутумунун багытталышынын жана таасир кылышынын динамикалуу процесси» – деп аныкталган (2014).

Дүйнө жүзүндө билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар үчүн, анын ичинен эң аяр категория ден-соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарды окутууда ар түрдүү практикалар бар.

Инклюзияны билим берүү практикасына киргизүүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдеп, бир катар чет мамлекеттердин мисалында карап көрдүк. Кененирээк диссертациялык иште таанышса болот.

Педагогикалык теориянын жана практиканын өнүгүүсүнүн азыркы этабында бардык балдардын билим алууга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгы менен байланышкан тенденциялар жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптануусун актуалдуу кылууда.

Алгач компетенттүүлүк түшүнүгүн тактоо маанилүү деп эсептеп, акыркы жылдары басылып чыккан педагогикалык булактардын талдоосу жүргүзүлдү. Компетенттүүлүк түшүнүгүнө токтолгон көпчүлүк

кыргызстандык окумуштуулар (А.А. Алимбеков, Н.К. Дюшеева, К.Д. Добаев, А.Т. Калдыбаева, А.К. Наркозиев, И.А. Низовская, Т.А. Абдырахманов, М.А. Ногаев ж.б.) өздөштүрүлгөн билимдердин, көндүмдөрдүн реалдуу ишмердүүлүктө ишке ашырууга болгон аракети катары түшүндүрүшөт.

Н.А. Асипова «Заманбап билим берүү парадигмалары» аттуу орчундуу эмгегинде компетенттүүлүккө негизделген билим берүүгө арналган бир катар илимий эмгектерди талдоого алып, компетенттүүлүк парадигманын калыптануу этаптарын ачыктайт. Окумуштуунун оюу боюнча, «эмгектерди талдоонун жыйынтыгы компетенцияга негизделген билим берүүнүн шарттуу түрдө үч калыптануу этабын айырмалоого мүмкүнчүлүк берет. Биринчи этап (1960-1970-жж.). Экинчи этап (1970-1990-жж.). Үчүнчү этап 1993-1996-жылдардан баштап азыркы күнгө чейин)».

Т.А. Абдырахманов, М.А. Ногаев «Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле» аттуу окуу-методикалык колдонмосунда: «Компетенттүүлүк– бул адамдын ишмердүүлүк предметине жана ага болгон мамилесин камтыган тийиштүү компетенцияга ээ болуусу», – деп белгилешет [Абдырахманов, Т.А. Азыркы билим берүүдөгү компетенттик мамиле: учебно-метод. пособие. – Бишкек, 2013. – 18-б].

Азыркы учурда мектептин мугалимдеринин кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгүн ачыктоого арналган изилдөөлөр, педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүгүн изилденишине караганда арбыныраак. Изилдөөчүлөр И.Н. Хазифулина, С.К Нартова-Бочавер педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүгү кесиптик компетенттүүлүктүн бир аспектиси болуп эсептеле тургандыгын белгилешет. Мына ошондуктан, кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгүн негиз кылып, инклюзивдик компетенттүүлүк түшүнүгүн ачыктоону туура таптык.

Педагогдун «кесиптик компетенттүүлүгү» деген түшүнүк психологиялык-педагогикалык адабияттарда 90-жылдардан баштап көп талкуулана баштаган. Кыргызстандык (Э.М. Мамбетакунов, Н.А. Асипова, А.М. Мамытов, А.А. Алимбеков, А.К. Наркозиев ж.б.) кээ бир россиялык изилдөөчүлөр (Е.В. Бондаревская, Е.В. Попова, А.И. Пискунов) кесиптик компетенттүүлүктү маданият түшүнүгү менен тыгыз байланыштырса; башкалары (Б.С. Гершунский, Т.А. Абдырахманов, М.А. Ногаев, Н.К. Дюшеева) кесиптик билиминин деңгээли менен бирге карашат; ал эми К.Д. Добаев, Е.В. Бондаревская, Е.В. Попова, А.И. Пискунов ж.б кесиптик иштин натыйжалуулугуна таасир тийгизген касиеттеринин бири катары аныкташат. Окумуштуулардын оюн жалпылап, төмөнкүдөй аныктама чыгара алдык: «Кесиптик компетенттүүлүк – бул кесиптик милдеттерин аткарууну камсыз кылуучу, анын ичинде адамдын (биздин контексте педагогдун) билими, тажрыйбасы, орчундуу орунду ээлеген кесиптик маанилүү сапаттардын системасы».

Инклюзивдик компетенттүүлүктүн түзүлүшүнө диагностикалык (окуучуну жана окуучулар коллективин изилдөө көндүмү), социалдык-

психологиялык (окуучулар, алардын ата-энелери жана педагогдор менен ишкердик жана инсан аралык мамилелерди куруу, диагностикалык маалыматтардын негизинде коллективде психологиялык климат түзүү көндүмү кирет) жана методикалык компетенттүүлүк (диагностикалык маалыматтардын негизинде окуучулардын жана класстын / топтун таанып-билүү ишмердүүлүгүн пландаштыруу, уюштуруу жана көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү) кирээри ачыкталып, алардын ар бири, өз кезегинде мүнөздүү мотивациялык, когнитивдик жана рефлексивдүү компоненттерди камтылары белгиленди.

Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоо педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн ар бир түзүлүшү негизги мазмундук (мотивациялык, таанып-билүүчүлүк (когнитивдик), рефлексивдүү) жана функционалдык компетенттүүлүктөрдү камтыгандыгы аныкталды, ошондой эле атайын кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээлин көрсөтөөрү аныкталды.

Окумуштуулардын оюн жалпылап, төмөнкүдөй жумушчу аныктама чыгара алдык: «Инклюзивдик компетенттүүлүк – билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөгө даярдыкты камсыз кылуучу билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, кесипкөй-инсандык сапаттар, практикалык ишмердүүлүктүн тажрыйбаларын жемиштүү өздөштүрүү жана кесипкөй маселелерди чече алуу жөндөмдүүлүгү».

Экинчи бап «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруусун изилдеген илимий методдор жана материалдар» деп аталып, мында изилдөөнүн экинчи милдети ишке ашырылды. Бул бап жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун жолдорун аныктаган илимий методдордун талдоосуна, жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогогикалык моделин жана педагогикалык шарттарын ачыктоого арналат.

Изилдөөнүн объектиси – жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгү, ал эми **изилдөөнүн предмети** – жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси болуп эсептелинет.

Изилдөөнүн милдеттерин чечүү үчүн бир катар методдор колдонулган: теориялык (илимий психологиялык, педагогикалык булактарды жана маселе боюнча диссертациялык изилдөөлөрдү талдоо, инклюзивдик билим берүүнүн жана педагогикалык тажрыйбанын моделдерин салыштырмалуу талдоо, теориялык жоболорду жана эмпирикалык маалыматтарды жалпылоо), диагностикалык методдор (байкоо жүргүзүү, ар кандай категориядагы адистер менен маектешүү, тестирлөө), эмпирикалык (эксперименттин констатациялоочу, калыптандыруу жана текшерүүчү этаптары, анкеталар, фокус-топтук талкуулоолор, кейс-технологиясы, портфолио, процессти жана ишмердүүлүктүн натыйжаларын талдоо,

эксперименттик изилдөө иштеринин натыйжаларын математикалык жол менен текшерүү).

Изилдөөнүн предмети аныкталган карама-каршылыктарды жоюуга багытталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий методдордун комплекси бири-бирин толуктоо менен колдонулду. Изилдөөдө коюлган милдеттерди чечүү төмөндөгүдөй методдордун комплексин тандап алууга негиз болду.

Аңгемелешүү методу педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин аныктоого, ошондой эле педагогдордун инклюзивдик билим берүү идеологиясына болгон ички мотивациясы жана башка сапаттарынын (педагогикалык билим, эмпатия) калыптанышын талдоого мүмкүндүк берди.

Фокус-топтук талкуулоо методу. Аз убакыттын ичинде педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүнө тиешелүү карама-каршылыктарды пайда кылган суроолорду талкуулоодо жеке көз караштарын далилдүү мисалдарды топтоо максатында мектеп администрациясы, методикалык бирикмелердин жетекчилери, социалдык педагогдун катышуусунда колдонулду.

Моделдештирүү методу педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу моделин илимий жактан негиздеп жана иштеп чыгууда колдонулду. Педагогикалык модель жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында иштелип чыккан.

*Педагогикалык эксперимент методу***.** Педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн калыптандыруудагы моделди апробациялоо максатында эксперименталдык иш үч этапты камтыды: констатациялоо этабы (2016-2017-окуу жылы), калыптандыруу этабы (2017-2018-окуу жылынан 2018-2019-окуу жылына чейин), контролдук этап (2019-2020-окуу жылы). Педагогикалык эксперименттин максатына, милдетине ылайык илимий методдор колдонулду.

Биздин диссертациялык изилдөөбүздүн алкагында жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык модели сунушталган. «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу модели» (1-сүрөттү караңыз) өз ара байланышкан компоненттерден турат.

Максаттык компонент Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган.



1-сүрөт. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу модели.

Мазмундук-процесстик компонент аныкталган максатты ишке ашыруучу педагогикалык принциптерге, педагогикалык шарттарга, өзүнүн ишмердүүлүгүндө кызматташкан ички (мектеп) жана тышкы (мамлекеттик) органдардын кызматкерлери менен байланышына таянат.

Баалоо-натыйжалык компонент жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлин аныктоочу чен-өлчөмдөрдү, ишмердүүлүктүн натыйжасы катары калыптанган инклюзивдик компетенттүүлүктүн үч деңгээлин (жогорку; орто; төмөнкү) жана күтүлүүчү натыйжаны камтыйт.

Биздин изилдөөбүздүн жүрүшүндө, педагогикалык, психологиялык адабияттарды талдоонун негизинде жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы төмөнкү педагогикалык шарттар констатациялоочу эксперименттин жыйынтыгынан аныкталды:

Биринчи шарт – үзгүлтүксүз насаатчылык процесси.

Экинчи шарт – биргелешкен ишмердүүлүк аркылуу психологиялык-медициналык-педагогикалык консилиум түзүү.

Үчүнчү шарт – педагогикалык портфолио түзүү.

Педагогдордун инклюзивдик билим берүү шартында иштөөгө даярдоо маселесинде педагогикалык шарт катары үзгүлтүксүз насаатчылык процессин белгилесек болот, ал педагогдордун жогорку деңгээлдеги кесипкөйлүгүн жана эмоционалдык даярдыгын камсыз кылат.

Билим алуудагы атайын муктаждыктары бар балдар үчүн диагностикалык жана түзөтүүчү иш-чаралардын өз убагында жүргүзүлүшү үчүн аталган категориядагы балдар жөнүндө билимин кеңейтүү, ата-энелердин балдарга зарыл болгон медициналык жана атайын педагогикалык жардамды уюштурууга кызыгуусунун деңгээлин жогорулатуу, инклюзивдик билим берүү көйгөйлөрүн чечүүдө жана комплекстүү психологиялык-медициналык-педагогикалык колдоону жүзөгө ашыруу максатында мектеп консилиумунун ишин уюштуруу натыйжалуу болуп эсептелет.

Портфолио – педагогдордун кесиптик даражасын көрсөткөн документтердин жыйындысы. Портфолио педагогдун кесиптик чеберчилигин аныктоодо колдонулат, анын мазмуну педагогдордун компетенттүүлүгүнүн жана кесиптик ишмердүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнө ээ. Педагогикалык портфолио кесиптик ишмердүүлүктөгү жетишкендиктерди, ошондой эле кездешкен кыйынчылыктар менен бирге алардын үстүндө иштөө процессин чагылдыруу максатын көздөйт.

Педагог өзүнүн ишмердүүлүгүндө кызматташкан ички (мектеп) байланышын мектепте түзүлгөн психологиялык-медициналык-педагогикалык консилиум аркылуу ишке ашырат.

Үчүнчү бап «Педагогикалык эксперимент жана аны уюштуруу, өткөрүү, талдоо жана жалпылоо» деп аталып, мында изилдөөдө белгиленген үчүнчү милдет аткарылды. Бул бапта педагогикалык эксперименттин жүргүзүүнүн методикасы, эксперименттин жыйынтыктары

менен практикалык сунуштар берилди. Педагогикалык эксперименттин максаты – жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга түрткү болгон иштелип чыккан моделди окутуу процессине киргизүү жана аныкталган педагогикалык шарттарды ишке ашыруунун натыйжалуулугун негиздөө жана текшерүү.

Коюлган максатка жетүү үчүн милдеттер аныкталды жана аларга ылайык, педагогикалык эксперимент 3 этапта жүргүзүлдү.

Биринчи констатациялоочу этабында (2016-2017-жж.) – педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн аныктоо максатында автордук анкеталык сурамжылоо иштелип чыгып, диагностикалык баалоо өткөрүлүп, анын талдоосу жүргүзүлдү; фокус-топтук талкуулоо ишке ашырылды.

Экинчи калыптандыруучу этабында (2017-2018-жж.) – жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга түрткү болгон педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча педагогикалык эксперименттин программасы иштелип чыкты, илимий божомолдоо (гипотеза) аныкталды, Л.М. Митинанын «Педагогдун ишин баалоо» методикасы жана Ю. Васильевдин «Педагогдун өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө баа берүү» методикалары ылайыкташтырылды, жыйынтыктар талдоого алып, корутундулар жалпылаштырылды.

Л.М. Митинанын «Педагогдун ишин баалоо» методикасы ар бир конкреттүү педагог үчүн реалдуу кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээлин же өзгөрүү динамикасын эсепке алууга жана баалоого мүмкүнчүлүк берет. Аталган методика инклюзивдик билим берүү тармагында иштеген педагог үчүн минималдуу зарыл болгон компетенттүүлүктүн деңгээли менен салыштырууга өбөлгө түзөт. Бул максатта методикада компетенттүүлүктүн минималдуу деңгээлин эсептөө үчүн атайын ачкычтар түзүлгөн.

Ю. Васильевдин «Педагогдун өзүнүн жөндөмдүүлүгүнө баа берүү» методикасы портфолиону колдонуу боюнча талдоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Үчүнчү текшерүүчү этап (2019-2020-жж.) – педагогикалык эксперименттин сунушталган программасынын натыйжалуулугун бышыктоого арналган: алынган маалыматтарды талдоо, кайрадан иштеп чыгуу, жалпылоо жана изилдөө натыйжаларын систематизациялоо жүргүзүлдү. Бул этапта изилдөөнүн жыйынтыктары теориялык жактан чечмеленип, жыйынтыктары формалдаштырылып, корутундулар жазылды.

Педагогикалык эксперимент Чүй облусунун Аламүдүн районунун №1-мектеп-гимназиясынын, Гроздь жалпы билим берүүчү орто мектебинин, Нарын облусунун Нарын шаарынын Арстанбек Буйлаш уулу атындагы №8-орто мектебинин, Токтогул Сатылганов атындагы орто мектептеринин жана Бишкек шаарынын №22 жана №34 көмөкчү мектептеринде өткөрүлдү. Констатациялоочу эксперименттин милдеттерин ишке ашырууда 2016-жылы педагогдорунун ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүлгөн.

Педагогикалык экспериментке катышкан мектептердин педагогдорунун саны төмөнкүдөй кылып бөлүштүрүлдү (1-таблицаны караңыз):

1-таблица. – Педагогикалык экспериментке катышкан мектептердин педагогдорунун саны

Мектеп педагогдору	Педагогдордун саны
Башталгыч класстардын педагогдору	50
Ортоңку звенонун педагогдору	48
Жогорку класстардын педагогдору	40
Директорлор	4
Социалдык педагогдор	4
Директорлордун орун басарлары	14
Жалпы саны:	160 педагог

Констатациялоочу этап төмөнкү милдеттерди аткарууга багыт алды:

1. диагностикалык баалоо өткөрүү, талдоо жана жалпылоо;
2. педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин аныктоо үчүн инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгуу;
3. педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн калыптануусун текшерүү максатында автордук анкетаны, фокус-топтук талкуулоонун суроолорун иштеп чыгуу, сурамжылоо өткөрүү жана талдоо.

Жалпы билим берүүчү уюмдардын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо үчүн төмөнкүдөй чен-өлчөмдөр (2-таблицаны караңыз) жана жогорку, орто жана төмөнкү деңгээлине тиешелүү болгон упайлык система иштелип чыкты.

2-таблица. – Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн чен-өлчөмдөрү

№	Компетенттүүлүктөр	Чен-өлчөмдөр
1.	**Педагогикалык билим**	–инклюзивдик билим берүү принциптерин жана баалуулуктарын билет; –инклюзивдик билим берүүнү уюштурууда ченемдик-укуктук документтердин колдонулушун түшүнөт; –практикалык ишмердүүлүгүндө мыйзамдарды колдоно алат; –балдардын категориясын айырмалап билет; – педагогикалык приниципттер жана

		мамилелерди ылайыктуу колдоно алат.
2.	**Диагностикалык**	–окуучуну жана окуучулар коллективин изилдөө көндүмүнө ээ; –диагностикалык методикаларды колдоно алат; –диагностикалык приниципттерди сактайт; –өз ара кызматташуу принциптерин ишке ашырат; – скаффолдинг мамилесин практикалайт.
3.	**Социалдык-коммуникациялык**	–окуучулар, алардын ата-энелери жана педагогдор менен кызматташууга даяр; – ишкердик жана инсан аралык мамилелерди кура алат; –коллективде жагымдуу психологиялык климат түзө алат; –.гуманистик, инсанга багытталган принциптерин ишке ашырат; – фасилитация, эмпатия, толеранттуулук көндүмдөрүнө ээ.
4.	**Методикалык компетенттүүлүк**	–инклюзивдик билим берүү методикаларын билет; –инклюзивдик билим берүүнү уюштуруунун оптималдуу жолдорун тандай алат; –окуучулардын жетишкендиктерин баалай алат; –окуучулардын компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө шыктандыруучу методдорду колдонот; – окуучулардын көйгөйлөрүн, кыйынчылыктарын, себептерин талдай алат.

Тандалган мектептердин администрация мүчөлөрүнөн, методикалык бирикмелердин жетекчилеринен жана социалдык педагогдорду камтуу менен педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо максатында фокус-топтук талкуулоо өткөрдүк. Фокус-топтук талкуулоо жалпы билим берүүчү жана атайын көмөкчү мектептерде өз өзүнчө өткөрүлдү. Фокус-топтук талкуулоонун жыйынтыгын талдоо

педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк маселеси актуалдуу экендиги аныкталды.

Ал эми педагогдор үчүн иштелип чыккан автордук анкетанын сурамжылоосу жүргүзүлдү. Сурамжылоого 138 педагог катышты. Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктарын 1-диаграммага чагылдырдык.



1-диаграмма. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин аныктоо боюнча анкетанын жыйынтыктары.

Изилдөөнүн констатациялоочу этабынын жыйынтыктары педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабын өткөрүүгө шарт түздү. **Калыптандыруучу эксперименттин максаты** – педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин жакшыртуу максатында педагогикалык моделди жана шарттарды апробациялоо жана жыйынтыктарды жалпылоо.

Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабынын узактыгы эки жыл түздү, башкача айтканда 2017-2018-окуу жылынан 2018-2019-окуу жылына чейин. Педагогикалык моделди жана шарттарды апробациялоо максатында «Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин өнүктүрүү» модулу иштелип чыгып, апробациясы эки түрдүү уюштуруу шарттарында жүргүзүлдү. Биринчиден, модуль атайын көмөкчү мектептердин педагогдорун жана жетекчилерин Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ЖОЖдор аралык инклюзивдик билим берүү лабораториясы менен түзүлгөн келишимдин алкагында ишке ашырылган. Экинчиден, педагогикалык эксперименти ишке ашыруу үчүн тандалып алган жалпы билим берүүчү орто мектептердин базасында сунушталды. Эксперименттик жана текшерүүчү топ түзүлдү. Эксперименттик топко катышкан мектептердин арасынан Гроздь орто мектеби, Арстанбек Буйлаш уулу атындагы №8-орто мектеби, №22-көмөкчү мектеби кирди жана мугалимдердин жалпы саны 69 болду.

Жалпы 36 саатка эсептелген модулдун форматынын уюштурулушу түзүлүп, өткөрүлдү.Модулдун темаларын ачыктоодо биз тарабынан инсанга

багытталган окутуунун интерактивдүү методдору колдонулду. Бул методдор катышуучулар тарабынан кенен кайтарым байланыш алууга, инклюзивдик билим берүүдөгү педагогдордун кесиптик муктаждыктарын канааттандырууга өбөлгө түздү. Эң орчундуу орунда модуль аралык жолугушууларда кейс-технологиясы ээледи. Педагогикалык эксперименттин бул этабында кейс-технологиясы менен иштөөдө биз катышуучу-педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн динамикасын аныктай алдык. Алсак, биринчи жолугушуудагы претесттин жыйынтыктары менен акыркы жолугушуудагы посттесттин жыйынтыктарын салыштырганда оң динамиканы байкай алдык.

Претесте жабык (фактологиялык) жана ачык (концептуалдык) суроолор колдонулду. Жабык суроолорго «ооба» жана «жок», «макул» же «макул эмесмин» деген жооптор сунушталып, жана даяр варианттардын арасынан туура жоопторду тандоого багытталган дагы суроолор берилген. Ал эми ачык суроолорго кейс-технологиясы колдонулду.

Посттесттин жыйынтыктарын талдоо педагогдордун жоопторунда бир топ оң динамиканы көрсөттү (2-диаграмманы караңыз).



2-диаграмма. Өткөрүлгөн претест жана посттестин жыйынтыктары.

Үчүнчү – текшерүү этабында педагогикалык эксперименттик иштин натыйжалары талданып, системалаштырылып, изилдөөнүн натыйжалары чыгарылды.

Педагогикалык эксперименттин бул этабында педагогикалык эксперименттин жыйынтыгын жалпылоо жана калыптандыруучу этаптагы иш-чаралар оң динамиканы түзгөндүгүн аныктоо максатында Л.М. Митинанын методикасынын ыңгайлаштырылган варианты боюнча анкеталык сурамжылоо өткөрүлдү жана талдоо жүргүзүлдү.

Педагогикалык эксперименттин текшерүү этабында тандалган мектептердин администрация мүчөлөрүнөн, методикалык бирикмелердин жетекчилеринен жана социалдык педагогдорду камтуу менен педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо боюнча фокус-топтук талкуулоо өткөрүлдү. Аталган талкуулоо жалпы билим берүүчү жана атайын көмөкчү мектептерде өз өзүнчө өткөрүлдү. Фокус-топтук талкуулоого жалпысынан 22 педагог катышты.

Фокус-топтук талкуулоонун жыйынтыктары төмөнкү диаграммада көрсөтүлгөн:



3-диаграмма. Фокус-топтук талкуулоонун жыйынтыктары

Педагогикалык эксперименттин алкагында педагогдордун инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу ишмердүүлүгү натыйжалуу болушу үчүн педагогикалык шарттар иштелип чыгып, апробациядан өткөрүлдү. Ушул педагогикалык шарттар педагогдордун ишмердүүлүгүндө белгилүү өзгөрүүлөр болуусуна түрткү берди. Алсак:

1. Жалпы орто мектептин дагы, көмөкчү мектептерде дагы педагогикалык-психологиялык-медициналык консилиумдар түзүлдү.
2. Насаатчылык процесси активдештирилди.
3. Педагогдордун «Инклюзивдик билим берүү» аттуу тематикалык портфолиолору түзүлдү.

Анкеталык сурамжылоого 138 адам катышты, анын ичинен эксперименталдык топ 69 адамды, контролдук топ 69 адамды түзүп, төмөнкү жыйынтыктарды берди: Эксперименттик топтон жогорку деңгээлди (30 адам) 43,4% педагог көрсөттү. Көрсөтүлгөн пайызды берген педагогдордун жоопторунда инклюзивдик билим берүүнү натыйжалуу ишке ашыруу боюнча маанилүү факторлорду туура тандооосу, билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөгө психологиялык жана кесипкөйлүк жактан толук даярдыгын белгилөөсү, аталган категориядагы балдарды жалпы билим берүү процессине кошулушуна оң мамилеси, кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарынан өтүүгө даярдыгы ачыкталды.

Орто деңгээлди эксперименттик топтон 32% педагогдор көрсөттү. Бул деңгээлдеги жооптордун ичинен билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды жалпы билим берүү процессине кошууда кыйынчылыктарды жараткан категория катары баарлашууда жана жүрүм-турумунда бузулуулары бар балдарды тандоосу, мындай балдар менен иштөөгө психологиялык жактан толук даяр эмес экендигин белгилөөсү болду. Насаатчынын жардамы керектиги, портфолиону жүргүзүүдө каталар кездешкени аныкталды.

Төмөнкү деңгээлди эксперименттик топтон 24,6% педагог көрсөтүп, анкетанын 2-3 суроосуна гана туура жооп беришти.

Ал эми контролдук топтон алган натыйжалар катышкан педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн орто деңгээлин 47,6% жана төмөнкү деңгээлин 52,4% педагог көрсөттү. Ал эми жогорку деңгээл контролдук топтон алган натыйжаларда көрсөтүлгөн жок.

Алынган маалыматтарды талдоо эксперименттик топто катышкан педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандырууда оң динамиканы белгилөөгө мүмкүндүк берди (4-диаграмма)



4-диаграмма. Эксперименттик жана контролдук топтордун жыйынтыгын салыштыруу диаграммасы.

Педагогикалык эксперименттин текшерүү этабында педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптануусун баалоо үчүн Л.М. Митинанын методикасынын ыңгайлаштырылган варианты боюнча анкеталык сурамжылоо жүргүзүлдү.

Анкеталык сурамжылоо 4 блокту камтыды, ар бири төмөнкү инклюзивдик компетентүүлүктөрдүн компоненттерин текшерүүгө багытталган: маалыматтык (педагогикалык билим); диагностикалык, социалдык-психологиялык, методикалык компетенттүүлүк.

Белгилеп кетүүчү нерсе, ар бир блок боюнча алынган жыйынтыктарды талдоодо, биз инклюзивдик компетенттүүлүктүн үч деңгээли боюнча, башкача айтканда жогорку, орто, төмөнкү, көрсөтүүгө аракет кылдык. Ар бир блок боюнча алынган жыйынтыктардын диаграммалык көрсөтүлүшү менен кененирээк диссертациялык иште таанышса болот.

Мына ошентип, изилдөөнүн натыйжалары эксперименттик топтогу педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн калыптануусундагы оң динамиканы көрсөттү. Жогорку деңгээлди көрсөткөн педагогдордун саны констатациялоочу эксперименте көрсөткөн жыйынтыктарга салыштырмалуу өзгөрдү. Бул педагогдордун инклюзивдик билим берүүнүн мааниси, анын максаттары жана баалуулуктары жөнүндө түшүнүгүнүн кеңейишин, педагогдордун билим алууда атайын муктаждыктары бар балдардын жаш курактык жана инсандык өнүгүүсүнүн психологиялык-

педагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдеринин жогорулашын, педагогдордун билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөдө насаатчылык процессинин он таасирин көрсөттү десек болот.

Эксперименттик топтордогу педагогдордун арасында билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды жалпы билим берүү шартында инклюзивдик билим берүүнү уюштуруунун оптималдуу жолдорун тандай билүүсүн көрсөтө алуусу жана инклюзивдик билим берүүнү киргизүүдө оң тенденция катталды.

КОРУТУНДУ

Кыргыз Республикасында педагогикалык теориянын жана практиканын өнүгүүсүнүн азыркы этабында бардык балдардын билим алууга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу зарылдыгы менен байланышкан тенденциялар жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын актуалдуу кылууда.

1. Инклюзивдик билим берүү философиясынын негизинде балдарды басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу, бардык адамдарга бирдей мамилени камсыз кылуу идеологиясы жатат, ошону менен бирге билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарга өзгөчө шарттарды түзүү зарылчылыгы белгиленет

Инклюзивдик билим берүү жалпы педагогиканын философиясына, концептуалдык негиздерине, принциптерине жана мыйзам ченемдүүлүктөрүнө таянат. Инклюзивдик билим берүүнүн өзөктүү фигурасы катары педагогдун компетенттүүлүгү олуттуу маániге ээ. Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоо педагогдун инклюзивдик компетенттүүлүгү негизги мазмундук (мотивациялык, таанып-билүүчүлүк (когнитивдик), рефлексивдүү) жана функционалдык компетенцияларды камтыгандыгы аныкталып, ошондой эле атайын кесиптик компетенттүүлүктүн деңгээлин көрсөтөөрү ачыкталды.

2. Педагогикалык-психологиялык, илимий-методикалык адабияттарды теориялык талдоонун негизинде жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык модели иштелип чыкты. Ал: өз ара байланышкан компоненттерден турат: максаттык, мазмундук-процесстик, баалоо-натыйжалык; педагогикалык принциптерге: гумандуулук, жеткиликтүүлүк, муктаждыктарга багыт алуу, ар түрдүүлүктү кабыл алуу, ийгиликтүүлүктү камсыз кылуу, өз ара аракеттешүү, үзгүлтүксүздүк жана педагогикалык шарттарга таянат: үзгүлтүксүз насаатчылык процесси. биргелешкен ишмердүүлүк аркылуу консилиум түзүү, педагогикалык портфолио түзүү; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун компетенттүүлүктөрүнүн деңгээлин: жогорку; орто; төмөнкү аныктайт.

3. Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруудагы сунушталган моделдин жана педагогикалык

шарттардын натыйжалуулугун аныктоого багытталган педагогикалык экспериментте педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн калыптануусун текшерүү максатында автордук анкета, фокус-топтук талкуулоолордун суроолору иштелип чыкты, сурамжылоо өткөрүлдү жана талданды. Педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу этабында тандалган эксперименттик топтун педагогдоруна «Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин өнүктүрүү» программасы иштелип чыгып, сунушталды, жыйынтыгында эксперименттик топто катышкан педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлинин калыптануусунда контролдук топтогу педагогдорго салыштырмалуу оң динамика байкалды. Жалпылап айтканда, эксперименттик топто катышкан педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлинин калыптануусунун көрсөткүчү 24% га жогору болду

Билим алууда атайын муктаждыктары бар балдарды окутууда эксперименттик топто катышкан педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн калыптануусунун позитивдүү тенденциясы далилденди.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

Сунушталган моделди жана педагогикалык шарттарды апробациялоонун жыйынтыгында бир нече практикалык сунуштар иштелип чыкты.

1. «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу моделин» башка билим берүү тепкичтерине (орто кесиптик билим берүү, жогорку билим берүү) жайылтуу.
2. Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүүчү стандартына педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн негизги жана кесиптик компетенттүүлүктөргө киргизилишин демилгелөө.
3. Республикалык педагогдордун билимин жогорулатуу системасына «Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүк деңгээлин өнүктүрүү» аралыктан окутуу курсунун программасын киргизүү.
4. Үзгүлтүксүз өнүгүүнүн стратегиясы катары инклюзивдик билим берүү тармагында насаатчылык институттарын активдештирүү.
5. Психологиялык-медициналык-педагогикалык консилиумдардын ишмердүүлүгүн инклюзивдик билим берүү системасына жайылтуу.

Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:

1. **Джапарова З.Б.** Систематическая работа с родителями как важнейший аспект в просветительско-пропагандистской работе дефектолога.[Текст] / З.Б. Джапарова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2006. – Вып. №4. – С. 77-79.
2. **Джапарова З.Б.** Инклюзивдик билим берүү жеткиликтүү жалпы билимге кадам.[Текст] / З.Б. Джапарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2016. –Чыг. №2. – 49-52-бб.

3. Джапарова З.Б. Инклюзивдик билим берүү шартында жалпы билим берүүчү мектептердин педагогдорунун атайын компетенцияларын калыптандыруу.[Текст] / З.Б. Джапарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –2016. – Атайын чыг. –32-34-бб.

4. Джапарова З.Б. Атайын жана инклюзивдик билим берүү: тарых, келечек, көйгөйлөр.[Текст] / З.Б. Джапарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –2017. –Чыг.№1. – 264-266-бб.

5. Джапарова З.Б. Инклюзивдик билим берүүдөгү социалдык педагогдордун ролу.[Текст] / З.Б. Джапарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2006. – Чыг. №4. –77-79-бб.

6. Джапарова З.Б. Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү замандын талабы.[Текст] / З.Б. Джапарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. –2018. – Чыг. №2. – 526-532-бб.

7. Джапарова З.Б. Педагогические условия формирования инклюзивной культуры будущих педагогов.[Текст] / З.Б. Джапарова // Известия Кыргызской академии образования. –2019. – Вып.№2. – С. 111-114.

8. Джапарова З.Б. Инклюзивное образование в Кыргызстане: проблемы и перспективы.[Текст] / З.Б. Джапарова // Научные труды Академии МВД им. Ген-майора милиции Алиева Э.А. – 2019. – Вып. №1. – С. 66-69.

9. Джапарова З.Б. Инклюзивдик билим берүүдөгү технологиялар жана ар тараптуу баалоо ыкмалары.[Текст] / З.Б. Джапарова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2019. – Атайын чыг. – 260-262-бб.

10. Джапарова З.Б. Санариптештирүү шартында педагогдорду инклюзивдик билим берүүгө даярдоонун айрым маселелери.[Текст] / З.Б. Джапарова // Alatoo Academic Studies. –2020. – Чыг. №4. –47-54-бб.

11. Джапарова З.Б. Педагогическая практика как одно из условий формирования инклюзивной компетентности будущих педагогов.[Текст] / З.Б. Джапарова // Научный аспект. – №1. – 2021. – С.48-56.

12. Джапарова З.Б. Методические рекомендации по работе с детьми с ограниченными возможностями здоровья в условиях дошкольной образовательной организации /**Джапарова З.Б. и др.** / учебно-методическое пособие/ МОиН КР УДК 376;ББК 74.1-Б.:2015

13. Джапарова З.Б. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар. .[Текст] / З.Б. Джапарова // Кыргызстан ЖОЖдорунун кабарлары. – 2020. – №5. – 181-185-бб.

14. Джапарова З.Б. Педагогическое наставничество в инклюзивном образовании как условие формирования профессиональной компетентности.[Текст] / З.Б. Джапарова // Вестник ЛГУ им. А.С. Пушкина. – 2021. – №2 . – С. 363-373.

Джапарова Замира Бердибековнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы педагогика илимдеринин кандидаты даражасын изденип алууга жазылган «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар» аттуу диссертациялык изилдөөсүнүн

РЕЗЮМЕСИ

Түйүндүү сөздөр: инклюзия, инклюзивдик билим берүү, педагогдор, инклюзивдик компетенттүүлүк, педагогикалык шарттар, педагогикалык модель, гуманизм, педагогикалык эксперимент, насаатчылык, медициналык-психологиялык-педагогикалык консилиум, педагогикалык портфолио.

Изилдөөнүн объектиси – жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгү.

Изилдөөнүн предмети – жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси.

Изилдөөнүн максаты: жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттарды иштеп чыгуу, эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды берүү.

Изилдөө методдору: теориялык методдор, диагностикалык методдор, эмпирикалык (эксперименттин констатациялоочу, калыптандыруу жана текшерүүчү этаптары, анкеталар, фокус-топтук талкуулоолор, кейс-технологиясы, портфолио, эксперименттик изилдөө иштеринин натыйжаларын математикалык жол менен текшерүү).

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы төмөнкүлөрдөн турат: педагогикалык-психологиялык, илимий-методикалык адабияттарды теориялык талдоонун негизинде инклюзивдик билим берүүнүн философиясы, принциптери жана өнүгүү этаптары, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызы ачыкталды; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык модели, шарттары жана чен-өлчөмдөрүн аныкталды; педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча экспериментте текшерилип жана тийиштүү практикалык сунуштар берилди.

Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү: изилдөөнүн материалдары ЖОЖдордо жалпы билим берүүчү уюмдарга педагогдорду даярдоодо, социалдык педагогдор, мугалимдер, мектептин администрация мүчөлөрүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алса болот. Педагогикалык эксперимент аркылуу апробациядан өткөрүлгөн «Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун» моделин педагогикалык кызматкерлердин чеберчилигин жогорулатууда пайдаланса болот.

РЕЗЮМЕ

на диссертационное исследование Джапаровой Замиры Бердибековны на тему «Педагогические условия формирования инклюзивной компетентности педагогов общеобразовательных организаций» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования

Ключевые слова: инклюзия, инклюзивное образование, педагоги, инклюзивная компетентность, педагогические условия, педагогическая модель, гуманизм, педагогический эксперимент, наставничество, медико-психолого-педагогический консилиум, педагогическое портфолио,.

Объект исследования - инклюзивная компетентность педагогов общеобразовательных организаций.

Предмет исследования – процесс формирования инклюзивной компетентности у педагогов общеобразовательных организаций.

Цель исследования: разработка педагогических условий формирования инклюзивной компетентности педагогов общеобразовательных организаций, проверить их с помощью педагогического эксперимента и дать практические рекомендации.

Методы исследования: теоретические методы: диагностические методы, эмпирические методы исследования: констатирующий, формирующий и контрольные этапы эксперимента, анкетирование, обсуждения в фокус-группах, кейс-технология, педагогический эксперимент по эффективности педагогической модели.

Научная новизна результатов исследования заключается в следующем: на основе теоретического анализа педагогической, психологической, научно-методической литературы вывлена сущность философии, принципов и этапов развития инклюзивного образования, понятия «инклюзивная компетентность»; определены педагогическая модель, условия и критерии формирования инклюзивной компетентности педагогов общеобразовательных организаций; экспериментально апробирована эффективность педагогической модели и условий формирования инклюзивной компетентности педагогов и даны соответствующие практические рекомендации.

Практическое значение результатов исследования: теоретические результаты диссертационного исследования могут быть использованы в качестве руководства при подготовке педагогов общеобразовательных организаций вузов, в практической деятельности социальных педагогов, педагогов и членов администрации школы. Апробированная педагогическим экспериментом модель «Формирование инклюзивной компетентности педагогов», может быть использована для повышения квалификации педагогов.

RESUME

on the dissertation research of Japarova Zamira Berdibekovna on a theme "Pedagogical conditions of formation of inclusive competence of teachers of general educational organizations" on search of the degree of the candidate of pedagogical sciences on pedagogical specialties and specialties 13.00.01

Keywords: inclusion, inclusive education, pedagogy, inclusive competence, pedagogical conditions, pedagogical model, humanism, pedagogical experiment, mentoring, medical-psychological-pedagogical consultation, pedagogical ,.

The object of research is the inclusive competence of teachers of general education organizations.

The subject of research is the process of forming inclusive competence in teachers of general education organizations.

The purpose of the study: development of pedagogical conditions for the formation of inclusive competence of teachers of general education organizations, check them with the help of a pedagogical experiment and give practical recommendations.

Research methods: theoretical methods: diagnostic methods, empirical research methods: formative, formative and control stages of the experiment, questionnaires, discussions in focus groups, pedagogical experiments, case studies, case technology.

New research results are included in the following: on the basis of a theoretical analysis of pedagogical, psychological, scientific and methodological literature, the essence of philosophy, principles and stages of development of inclusive education, the concept of "inclusive competence" was revealed; the pedagogical model, conditions and criteria for the formation of inclusive competence of teachers of educational organizations have been determined; the effectiveness of the pedagogical model and conditions for the formation of inclusive competence of teachers was experimentally tested and appropriate practical recommendations were given.

Practical value of research results: theoretical results of dissertation research can be used as a guide in the training of teachers of general educational organizations, pedagogical, pedagogical, pedagogical and practical. Approved by the pedagogical experiment model "Formation of inclusive competence of teachers", can be used to improve the qualifications of teachers.